| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА |
|---|---|

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезексиз VII сессиясынын №1 токтому**

20-июнь 2025-жыл Курулуш айылы

**Эргеш Алиев айыл аймагындагы ички чарбалык суу каналдарын жана ирригация суу системаларын Ноокен райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезексиз VII сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл аймагындагы ички чарбалык суу каналдарын жана ирригация суу системаларын Ноокен райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2.Эргеш Алиев айыл аймагындагы ички чарбалык суу каналдарын жана ирригация суу системаларын Ноокен райондук суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү боюнча №1 тиркемеге ылайык бекитем.

3.Жогорудагы бекитилген №1 тиркеменин негизинде өткөрүп берүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо менен иш алып баруу жагы айыл өкмөт башычысы Ш.Алыкуловго жүктөлсүн.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү мыйзамдуулук жана айыл чарба маселелери боюнча туруктуу комитетине жүктөлсүн.

**Төрага М.Ажикулов**

БЕКИТЕМ

Эргеш  Алиев айылдык кеңешинин
төрагасы ___________М.Ажикулов
“_____”__________ __2025-жыл

| Э.Алиев айыл өкмөтү | | | аянты | п/м | Жер | бетон | Латок | Дарбазалар | Суу Ченегичтер | Көпүрө | ГТС | КДС | Офис | Балансты к баасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ноокен | 0 | 22100 | 10100 | 12000 | | 20 | 0 | 5 | 0 | | 0 | |
| | | Хожа арык | 0 | 5100 | 2100 | 3000 | | 14 | 0 | 8 | 0 | 0 | 0 | |
| | | ПК 08+07 | | 1200 | 1200 | | | | 0 | | | | | |
| | | Сары-Сыя | | 2700 | 2700 | | | 2 | 0 | 3 | | | | |
| | | Совет алыш 1 | | 650 | 650 | | | | 0 | | | | | |
| | | Параканда | | 1000 | 1000 | | | | 0 | | | | | |
| | | ПК 44 | | 1700 | 1700 | | | | 0 | | | | | |
| | | Малика алыш | | 3400 | 3400 | | | 3 | 0 | 4 | | | | |
| | | Чиртек Сай | | 650 | 650 | | | | 0 | | | | | |
| | | Совет алыш 2 | | 500 | 500 | | | | 0 | 1 | | | | |
| | | АТП | | 5700 | 5700 | | | 2 | 0 | 1 | | | | |
| | | Кара дарбаза | | 800 | 800 | | | | 0 | | | | | |
| | | Курулуш | | 300 | 300 | | | | 0 | | | | | |
| | | Жаныш арык | | 800 | 800 | | | 1 | 0 | 1 | | | | |
| | | Бирке | | 800 | 800 | | | 1 | 0 | 2 | | | | |
| | | Саадат Ногоева | | 1000 | | 1000 | | 2 | 0 | | | | | |
| | | Ак-Тилек | | 1700 | 1700 | | | 1 | 0 | 1 | | | | |
| Ноокен | | Кызыл-Жылдыз | | 2300 | 2300 | | | 1 | 0 | 2 | | | | |
| **Жалпы** | | | | **52400** | **36400** | **16000** | | **47** | | **28** | **0** | | | |

Башчы Ш.Алыкулов

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА |
|---|---|

**Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезексиз VII сессиясынын №2 токтому**

20-июнь 2025-жыл Курулуш айылы

**Калктуу конушка жарандарга турак жай салуу үчүн ажыратылып берилүүчү жер участокторуна чектөөлөрдү бекитип берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жер укуктук мамилелерди жөнгө салуу жөнүндө” Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы №291 сандуу “Жер мунапысын жүргүзүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезексиз VII сессиясы **токтом кылат:**

1.Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 16-июнундагы №01-10/1338 сандуу каты аткарууга алынсын.

2.Эргеш Алиев айыл аймагындагы калктуу конушдагы жарандарга турак жай салуу үчүн ажыратып берилүүчү жер участокторуна айыл өкмөт тарабынан кабыл алынган жарандардын арыздарына жана мунапыс жобосуна ылайык төмөндөгүдөй чектөөлөр киргизилсин:

- Тегиз жерде жайгашкан жерлерден 0,08га (сотых);
- Тоолу зооналарда жайгашкан жерлерден 0,20 га (сотых) чейин.

3. Жогорудагылардын негизинде иш алып баруу айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловго жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **М.Ажикулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

---

# Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезексиз VII сессиясынын №3 токтому

20-июнь 2025-жыл Курулуш айылы

## Жарандардын арыздарын кароо жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы "Муниципалдык менчикте турган жер участокторун менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу" №571 токтому менен бекитилген типтүү жобонун 4гл 11 п ылайык Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезексиз VII сессиясы **токтом кылат:**

1. Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн Сары-Сыя айылынын жашоочусу жаран Алимбекова Зухрахан Азимжановнанын арызы канааттандырылсын.
2. Жаран Алимбекова Зухрахан Азимжановнанын арызында көрсөтүлгөн Эргеш Алиев айыл өкмөтүнүн №514 –контурунун,Кочкор-Ата граница көчөсүнүн 66/1 дарегинде жайгашкан 1000 чарчы метр муниципалдык менчиктеги жер тилкеси учурда трансформацияланып, мыйзамдуу жүгүртүүгө жеткиликтүү абалда экендиги эске алынып жеке менчикке түз жол менен сатууга уруксат берилсин.
3. Жогорудагылардын негизинде иш алып баруу айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкуловго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **М.Ажикулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**ЭРГЕШ АЛИЕВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЭРГЕША АЛИЕВА**

## Эргеш Алиев айылдык кеңешини I чакырылышынын кезексиз VII сессиясынын №4 токтому

20-июнь 2025-жыл — Курулуш айылы

### Эргеш Алиев айыл өкмөтүндө үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө Типтүү жобону бекитүү жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып,Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” ПЖ № 54 Жарлыгына,Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-39-беренелерине жана айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетинин отурумуна ылайык, Эргеш Алиев айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезексиз IX сессиясы **токтом кылат:**

1.Ноокен райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 18-июнундагы 01-18-395 сандуу үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө Типтүү жобону бекитүү жөнүндөгү каты эске алынсын.

2. Эргеш Алиев айыл өкмөтүндө үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө Типтүү жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Токтомду Юстиция башкармалыгынын реестрине каттоого киргизүү айылдык кеңештин жооптуу катчысы А.Орозбек кызына жүктөлсүн.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык боюнча туруктуу комитетине милдеттендирилсин.

**Төрага** — **М.Ажикулов**

Эргеш Алиев айылдык кеңешинин
______________чакырылышынын
2025-жылдын “_____” ___________
кезексиз ________сессиясынын
№______ токтому менен бекитилди

**Эргеш Алиев айыл аймагындагы айылдарда үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду акыркы сапарга узатууда жана эскерүүдө үрп-адаттарын тартипке келтирүү жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Аталган типтүү жобого сунуштаманын (мындан ары жобого сунуштама) негизги максаты, улуттук маданияттын баалуулуктарын коргоо жана элдик каада – салттарга сый мамиле кылууну калыптандыруу, жарандардын жашоо деңгээлин жана сапатын көтөрүүнүн кызыкчылыгын гана көздөп, элдин саламаттыгын, адеп ахлагын коргоону камсыз кылуу, маркумду акыркы сапарга узатуудагы ырым-жырымдарды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын эске алууга, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө» кабыл алынган ПЖ № 54-Жарлыгын ишке ашыруу болуп эсептелет.

## 2. Жалпы жобонун сунуштамасы жана максаттары

2.1. Жобонун сунуштамасына ылайык улуттук маданияттын баалуулуктарын коргоо жана элдик каада салттарга сый мамиле кылууну калыптандыруу, жарандардын жашоо деңгээлин жана сапатын көтөрүүнүн кызыкчылыгын көздөп, элдин саламаттыгын, адеп-ахлагын коргоону камсыз кылуу, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө» кабыл алынган ПЖ № 54-Жарлыгына ылайык, тийиштүү өз алдынча башкаруу органдары, айыл жергесиндеги дин кызматкерлери, коомдук уюмдар жана жалпыга маалымдоо каражаттары иш алып барат.

2.2. Жобого сунуштама жарандардын үй-бүлөлүк жана башка иш чараларын өткөрүүдө, ар бир жаран өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша жана ири акча каражатын чыгымдобоого багытталган. Ошондой эле үй-бүлөлүк бюджетке зыян келтирбөөгө, калктын жашоо деңгээлине терс таасирин токтотууга багытталган. Маркумду акыркы сапарга узатуудагы

жана андан кийинки үрп-адаттарындагы ысырапкерчиликке жол бербөөгө багытталган.

2.3. Жобо сунуштама жергилктүү калктын өзгөчөлүгүн, салтын эске алуу менен иштелип чыккан жана жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

## 3. Жобону иштеп чыгуу, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

3.1. **Эргеш Алиев айыл өкмөтүндө** үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду акыркы сапарга узатууда жана эскерүүдө үрп-адаттарды колдонуунун тартиби жөнүндө жобону (мындан ары – жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен төмөндөгү курамда жумушчу топ түзүлөт:

- айыл өкмөт башчысы, кызматкерлери;
- айыл башчылар;
- жергиликтүү кеңештин депутаттары;
- аялдар жана жаштар уюмунун мүчөлөрү;
- аксакалдар соту, мүчөлөрү;
- милиция кызматкерлери;
- имамдар, дин уюмунун мүчөсү;
- өкмөттүк эмес уюмдардын мүчөсү;

3.2. Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин берген типтүү жобосунун негизинде, жумушчу топ тарабынан жобо долбоору иштелип чыгат. Ал долбоор айылдык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн тактайларга илинет, айыл өкмөтүнүн сайттарына жайгаштырылат. Келип түшкөн сунуштарды жумушчу топ эске алуу менен долбоорго киргизет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет.

3.3.Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин сайттарына жарыяланат, юстиция органында мамлекеттик каттоодон өткөрүлөт.

3.4. Жобо ага кызыккан жарандарга айыл өкмөтү жергиликтүү кеңеш тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

## 4. Жободогу колдонулган түшүнүктөр

4.1. Жободо төмөндөгү түшүнүктөр колдонулду

**Бешик той –** бала төрөлгөндөн кийин, төрөлгөн учурда бешикке салынып, бөлөнөт. Ошол учурда кыздын ата-энеси небересин бешикке салуу максатында бешик жасап, алып барат.

**Тушоо кесүү –** бала каз-каз туруп, өз алдынча кадам койгон мезгилде жана кадам шилтеп басып калган учурда, чалынып жыгылбай тез басып кетүүсүн тилек кылып, баланын бутун жип менен тушап, жеткинчек балдардан тартып чуркаганга жараган аксакалдардан бери кандайдыр бир аралыктан чуркатып, балага биринчи жетип келген инсан, баланын тушоосун кесип, чалынбай тез басып кет деген тилек менен, колунан жетелеп чыгат. Тушоо кескен адамга белек берилет.
**Сүннөт той –** эркек бала 5-7 жашка чыккан мезгилинде сүннөткө отургузуу, ата-эненин парзы болот. Ошол учурда атайын сүннөт той өткөрүүлөр болуп жатат.
**Үйлөнүү үлпөт той жана кыз узатуу той-** бала жана кызы балакатка жеткен учурда, өз каалоолору менен үй – бүлө курууга баш кошуп, турмуш жолуна аттанышат. Ошол учурда баланы үйлөнтүү, кызды узатуу той берилет.
**Мааракe той –** адам баласы кандайдыр бир белгилүү жашка толгон учурда, белгилеп берилүүчү той.
**Жаңы үйгө кирүүдө, үй той –** адам баласы жашоосунда баш калкалоо үчүн турак жай салып, аны күндөлүк турмушта жашоо үчүн пайдаланып келет. Жаңы турак жайга кирген учурда берилүүчү той.
**Маркумду акыркы сапарга узатууда, маркумдун үч күнүн, кырк күнүн, айт күндөрүндө, жылын эскерүү чаралары жана башка эскерүүлөр –** маркумду эскерүү үчүн кандайдыр бир мезгилден кийинки салт.

## 5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын өткөрүүнүн тартиби

5.1. Жарандык абалын жаздыруу актысына (ЗАГС) чыгуу үчүн автоунаалардын саны 3 бирдиктен ашпоого белгиленет.
5.2. Маркумду акыркы сапарга узатууда мал жандык союлбасын, тамак-аш берилбесин. Жаназа окуучуларды, азага жана коштошуу зыйнатына келүүчүлөрдүн санына чектөө коюлбайт.
Маркумду эскерүүдө «Бейшембелик», «Кырк», «Айттык», «Жылдык» өткөрүлбөйт, жөн гана тамак-аш берүүсүз туугандарынын катышуусунда маркумду эскерип куран окуп тарап кетет. Маркумга карата кошок кошуучуларды жалдоого, кыздарынын ак көйнөк кийүүсүнө , тон жабууга, жыртыш берүүгө тыюу салынат.
5.3. Мааракелерди, үй-бүлөлүк салтанаттарды, маркумдарды эскерүү үрп-
адаттарды өткөрүүдө ысырапкерчиликти кыскартуу максатында жергиликтүү айылдык кеңештерде айылдык уставды карап, бекитүүнү сунушталат.

5.4. Үй-бүлөлүк салтанаттар калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

## 6. Маркумду акыркы сапарга узатууда жана эскерүүдө үрп-адаттарды колдонууну тартиби

6.1. Киши кайтыш болгон учурда 3 күнгө чейин ага арнап кой, бодо мал, жылкы жана башка жандык союлбайт. 3 күндөн кийин кааласа 1 кой союп маркумду эскерип, боз үй бузулат. Маркумду эскерүүдө дасторкон жасоодо ашыкча ысырапкерчиликке, пакет таратууга жол берилбейт.

6.2. Маркумдун уул, кыздары жана жакындары маркумга арнап каадаларды өткөрүүгө тыюу салынат.

6.3. Маркумду акыркы сапарга узатууда жана эскерүүдө себет, материал, кийит алып барылбай жана «Көк кийди», «Ак кийди», «Жыртыш» ж.б. ашыкча ыксыз ырым-жырымдар өткөрүлбөйт.

6.4. Айт майрамы үй-бүлөлүк майрам катары белгиленет. Айт күнү маркум өткөн үйлөргө топ-тобу менен кыдырылбайт. Айт күнү маркум өткөн үйдө союш союлбайт, элге тамак берилбейт, жакындары гана чогулуп куран окуп эскерет.

6.5. Киши кайтыш болгондо жана эскерилүүдө Жобонун талаптарын сактоо үчүн үй ээси айыл башчыга жана имамга кабар берет жана өткөрүү боюнча макулдашат.

Жобону бузган тараптардын үйүндө жаназа окуган имам жобону бузду деп эсептелет.

## 7. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду акыркы сапарга узатууда жана эскерүүдө үрп-адаттарды колдонууну иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссия жана кызмат адамдары

Жобого ылайык үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду акыркы сапарга узатууда жана эскерүүдө үрп-адаттарды колдонууну иретке келтирүү жана көзөмөлдөө үчүн айыл өкмөттүн жана айылдын деңгээлинде комиссия түзүлөт.

### Комиссия

7.1. Айыл өкмөттүн комиссиясына айыл өкмөт башчысы, кызматкерлери, айыл башчылар, жергиликтүү кеңештин депутаттары, аялдар комитети, аксакалдар соту, аксакалдар кеңеши, аймактык милиция бөлүмчөсү жана имамдар кирет. Ал эми айылдык комиссияларга айыл башчы, имам, участкалык милициянын кызматкери, аялдар комитети, аксакалдар соту, аксакалдар кеңеши жана бий кирет. Комиссиялар өкмөтүнүн буйругу менен бекитилет.

7.2. Айылдык комиссия өлгөндү эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, өлүк ээсин жобонун

талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат. Жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт. Жобонун талаптарын бузуу болгон учурда журналга каттайт же акт түзөт. Ал тууралуу комиссияда  маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара көрүлөт. Ал эми айыл өкмөттүн комиссиясы айылдык комиссия көтөргөн маселелерди карайт жана көзөмөлдөйт.

## 8. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

Айыл өкмөтүндө үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду акыркы сапарга узатууда жана эскерүүдө үрп-адаттарды колдонуу боюнча жобонун талабын бузган тараптарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына негиз айып пул салынат.

Айыл өкмөт башчысы Ш.Алыкулов